КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ НАЦИОНАЛЬНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. Ж. БАЛАСАГЫНА

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2026-жылдын 24-июну № 224 Бишкек ш.

**Бажы иши жана логистика факультетин түзүү жөнүндө**

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин (2026-жылдын 9-июнундагы №6 протоколун көчүрмөсү) негизинде **буйрук кылам:**

1. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Юридикалык институтунун Укук таануу жана бажы иши кафедрасы, А.А. Асанова менеджмент жана бизнес институтунун «Логистика» билим берүү программасы жоюлуп, алардын базасында Бажы иши жана логистика факультети түзүлсүн.

2. Бажы иши жана логистика факультетинин төмөнкү структурасы бекитилсин:

- Бажы иши жана укук таануу кафедрасы;
- Логистика кафедрасы.

3. Укук таануу жана бажы иши кафедрасынын, "Логистика" билим берүү программасынын билим алуучуларынын контингентин, профессордук-окутуучулук курамын белгиленген тартипте Бажы иши жана логистика факультетине которуу, тиешелүү документтерди жаңы түзүлгөн факультетке 2026-жылдын 26-июнуна чейин өткөрүп берүү Юридикалык, А.А. Асанова атындагы менеджмент жана бизнес институттарынын директорлоруна, Окуу, Студенттик кадрлар жана Кадрлар бөлүмдөрүнүн башчыларына тапшырылсын.

4. Окуу бөлүмү Бажы иши жана логистика факультетин түзүү жана анын ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча зарыл болгон уюштуруучулук-тескөөчү документтердин долбоорлорун даярдасын.

5. Пландоо-финансы, Кадрлар бөлүмдөрү Юридикалык жана А.А. Асанова атындагы менеджмент жана бизнес институттарынын штаттык ыраатамаларына тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизсин.

6.Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө биринчи проректор-окуу иштери боюнча проректору А.Б. Шамшиевге жүктөлсүн.

**Ректор** **Д.Т. Чонтоев**

Макулдашылды:

Биринчи проректор-окуу иштери боюнча — А.Б. Шамшиев

Административдик-чарба иштери боюнча проректор — Б.К. Айтахунов

Юридика бөлүмүнүн башчысы — Р.К. Токтоналиев

Жалпы бөлумдун башчысы — Э.К. Турдуманбетова

**Факультет Таможенного дела и логистики**

**Кафедра Таможенного дела и правоведения**

**Кафедра Логистики**